Тапшырыктарды аткаруу жана GLOBUS сервисинин иштөө максаттарында жеке маалыматтарды үчүнчү жактарга берүүгө

МАКУЛДУК

Мен,____________________ GLOBUS мобилдик тиркемесинин колдонуучусу, “Умай Групп” ЖЧКга (ИСН 01007200310037, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Чокон Валиханов көч., 16) менин жеке маалыматтарымды тапшырыктарды аткаруу жана сервистин иштешин камсыз кылуу максаттарында гана үчүнчү жактарга берүүгө макулдугумду берем.

Жеке маалыматтарды алуучулар:

- чабармандык жана логистикалык кызматтар – тапшырыктарды жеткирип берүү үчүн;
- төлөм операторлору – төлөмдөрдү кабыл алуу жана иштеп чыгуу үчүн;
- IT-подрядчылар (хостинг, SMS- жана push-сервистери) – мобилдик тиркеменин иштешин жана билдирүүлөрдү камсыз кылуу үчүн;
- мамлекеттик органдар — Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда жана тартипте.

Жеке маалыматтарды берүү көрсөтүлгөн максаттарга жетүү үчүн зарыл болгон көлөмдө гана, Кыргыз Республикасынын жеке маалыматтарды коргоо жөнүндө мыйзамдарынын талаптарын сактоо шартында жүзөгө ашырылат. Үчүнчү жактардын жеке маалыматтарды жеке максаттарда пайдаланууга укугу жок.

Жеке маалыматтарды иштеп чыгуу жана берүү GLOBUS мобилдик тиркемесинде жана расмий сайтында жайгаштырылган Купуялуулук саясатына ылайык жүргүзүлөт.

Макулдук мобилдик тиркемеде өзүнчө белги (чекбокс) коюу аркылуу берилет жана түзүлгөн келишим боюнча милдеттенмелерди жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын аткаруу үчүн жеке маалыматтарды иштеп чыгуу жана берүү зарыл болгон учурлардан тышкары, колдонуучу тарабынан каалаган убакта чакыртылып алынышы мүмкүн.